**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# «АНГЛИС ТИЛИ»

# ОКУУ ПРОГРАММАСЫ

жалпы билим берүү уюмдарынын 3-6-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**Иштеп чыккандар:**

| | |
|---|---|
| **Шаршембиева Д.Н.** | Кыргыз билим берүү академиясынын көп тилдүү жана инклюзивдүү билим берүү бөлүмүнүн башчысы; |
| **Ахматова Б.Ш.** | Мраморное айылындагы жалпы орто билим мектебинин англис тили мугалими |
| **Джумалиева Г.Э.** | Таш-Дөбө айылындагы Б.Бейшеналиева атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин англис тили мугалими |

**Рецензенттер:**

| | |
|---|---|
| **Фатнева А. Г.** | Бишкек шаарындагы «Bilimkana International High School» , мектебинин англис тили мугалими |
| **Турдалиева Р. К.** | Аламүдүн райондук билим берүү бөлүмүнүн усулчусу |

Жалпы билим берүү уюмдарынын 3-6-класстары үчүн «Англис тили» окуу программасы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жалпы билим берүү стандартына, «Чет тили» предметтик стандартына ылайык иштелип чыкты.

Программа окутуунун мазмунун аныктайт, окуучулардын предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу үчүн окуу процессинин логикасын, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен темаларды жана тилдик материалды үйрөнүүнүн ырааттуулугун сунуштайт. Программанын негизинде окуу китептери, окуу куралдары жана календарлык-тематикалык план түзүлөт. Программа жылына 68 саатка эсептелген.

**МАЗМУНУ**

I. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ........................................................................ 4

II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ ................................................................ 5

III. ПРЕДМЕТТИ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ .................................... 17

IV. БААЛОО........................................................................................ 18

# I. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Чет тили – маданияттар аралык коммуникациянын каражаты болуп саналат. Ал өсүп келе жаткан муундун өз ара түшүнүшүүгө жана кызматташууга даярдыгын калыптандырууга, ошондой эле башка элдердин маданиятын, жашоо образын жана ой жүгүртүүсүн түшүнүү жөндөмүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Чет тилин үйрөнүү окуучуларга өз ойлорун жана сезимдерин баарлашуу процессинде эркин билдирүүгө жардам берет. Ошондой эле, ал ар тараптуу маалымат алмашууну, улуттук маданияттардын өз ара аракеттенүүсүн жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүүнү камсыз кылуу максатында окутулат.

Башталгыч мектепте чет тилин окутуунун максаты – аны баарлашуу каражаты катары пайдалануунун негиздерин калыптандыруу.

**Милдеттери:**

1. **Билим берүүчүлүк:** угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу көндүмдөрүн, грамматика жана лексика боюнча негизги көндүмдөрдү калыптандыруу;
2. **Тарбия берүүчүлүк:** мектеп окуучуларынын ар түрдүү маданияттарга болгон сый-урматын жана кызыгуусун арттыруу, жаңы билимдерге ачыктыгын жана жамаатта иштей билүүсүн өнүктүрүү;
3. **Өнүктүрүүчүлүк:** жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартында чагылдырылган негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга көмөктөшүү.

Англис тили сабагында окуучулар төмөнкү предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болушат:

**Тилдик компетенттүүлүк** – чет тилинде өз оюн билдирүү үчүн тилдик каражаттарды колдонуу жөндөмү. Окуучу төмөнкү көндүмдөрдү көрсөтөт:

- англис тыбыштарын айтат, алфавитти билет;
- сөздөрдү орфографиянын жана пунктуациянын эрежелерине ылайык жазат;
- сөздөрдү туура мааниде колдонот, топторго бөлүштүрөт, синонимдерди, антонимдерди ажырата алат;
- грамматикалык жактан туура сүйлөмдөрдү түзөт;
- өз оюн так жана көркөм билдирүү үчүн ар кандай тилдик каражаттарды колдонот;
- оозеки жана жазуу жүзүндө англис тилинин лингвистикалык нормаларын айырмалайт жана колдонот.

**Кептик компетенттүүлүк** – ар кандай кырдаалдарда тилди эффективдүү сүйлөшүү үчүн колдоно билүү. Окуучу төмөнкү көндүмдөрдү көрсөтөт:

- өз оюн оозеки, ырааттуу жана логикалык жактан баяндайт;
- кыска жазуу тексттерин (куттуктоолорду, жазууларды, өзү жөнүндө аңгемелерди, сүрөттөмөлөрдү) түзөт;
- ар кандай баарлашуу кырдаалдарда оозеки билдирүүлөрдүн негизги мазмунун жана деталдарын түшүнөт;
- тексттин негизги идеясын, фактыларын бөлүп көрсөтөт, далилдейт, жыйынтык чыгарат;
- тексттин маанисин, түзүлүшүн жана негизги деталдарын сактап, укканын же окуганын кайталап айтып берет.

**Маданияттар аралык компетенттүүлүк** – башка элдердин маданиятын баамдоо жана урматтоо, маданияттар аралык баарлашуу кырдаалында өз маданиятын көрсөтүү жөндөмдүүлүгү. Окуучу төмөнкү көндүмдөрдү көрсөтөт:

- сүйлөө жүрүм-турумунун нормаларын сактайт (маекти баштоо, колдоо, бүтүрүү);
- чет тил маданиятынын элементтерин (макал-лакаптар, фразеологиялык бирдиктер ж.б.) тааныйт.
- англис тилинин маданиятынын өзгөчөлүктөрүн өз маданияты менен салыштырат, окшоштуктарды жана айырмачылыктарды табат.

Базистик окуу планы боюнча 3-12-класстарда окуу жүктөмү жумасына 2 саат, жылына 68 саатты түзөт. Программада каралган сааттарды максаттуу пайдалануу менен окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн сааттар төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

- 4 саат – киришүү сабактар;
- 50 саат - кеп темалары жана грамматикалык материал;
- 8 саат – кайталоо сабактар;
- 4 саат – чейректик иштер.

Кириш сабакта 3-класстын окуучулары алгач тыбыштарды, саламдашууну үйрөнүшөт, жазуу көндүмдөрү калыптанат. Окуучулар жаңы билимди турмуштук тажрыйба менен байланыштырышат, жашоодо аларды курчап турган англис тилиндеги сөздөрдү үйрөнүшөт: taxi, bank, pizza ж.б. Бардык кеп темалары грамматикалык материал менен бирге берилет.

## II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ

Мектепте англис тилин колдонуу чөйрөсүнө: социалдык-тиричилик чөйрөсү, социалдык-маданий чөйрө, окуу-эмгек чөйрөсү кирет.

3-6-класстарда төмөнкү темалар окулат:

1. Инсан.
2. Үй-бүлө.
3. Мектеп.
4. Турак жай, жашаган жери.
5. Соода, тамак-аш, кийим-кече.
6. Спорт жана ден соолук.
7. Күнүмдүк жашоо.
8. Айлана-чөйрө.
9. Менин өлкөм.
10. Чет өлкөлөр.
11. Илим жана техника дүйнөсү.
12. Адабият жана искусство дүйнөсү.

**Материалды класстар боюнча тематикалык бөлүштүрүү.**

**1-таблица**

| **Тема** | **Саат-тар** | **3-класс** | **4-класс** | **5-класс** | **6-класс** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Инсан** | 2 | **Саламдашуу:** саламдашат, коштошот, абалын сурап, жооп берет, өзүн тааныштырат (аты-жөнүн, жашын, телефонун айтат, атын сурайт). | **Келбетин сүрөттөө:** жүзүн, чачтын түсүн, боюн сүрөттөйт. Кызыгууларын атайт, эмнени жакшы көрөрүн айтат. | **Келбетин жана мүнөзүн сүрөттөө:** жүзүн, мүнөзүн (жакшы - жаман, шайыр ж.б.) сүрөттөйт. Негизги кесиптерди атайт. | **Келбетин жана мүнөзүн сүрөттөө:** өзгөчөлүктөрүн сүрөттөйт, салыштырат. Өзүнүн, досторун кызыгууларын атайт. Негизги кесиптерди атайт. |
| **Үй-бүлө** | 2 | **Үй-бүло мүчөлөрү:** үй-бүлө мүчөлөрүнүн аттарын айтат. Ал эмнени жакшы көрөрүн айтат. | **Үй-бүлө дарагы:** үй-бүлө мүчөлөрүн атайт (аты-жөнү, мамилеси, жашы). | **Үй-бүлө мүчөлөрү**: сүрөттөйт, жашын, кесибин айтат. | **Үй-бүлөлүк жашоо:** үй-бүлөдөгү милдеттер, кимге жардам берет. Үй-бүлө мүчөлөрүн сүрөттөйт (улууларга сый мамиле, кичүүлөргө кам көрүү). |
| **Мектеп** | 2 | **Мектеп куралдары:** Мектеп куралдарын, түстөрдү атайт. 10го чейин эсептөө: кошуу жана кемитүү. Сабактагы инструкцияларын түшүнөт. | **Менин классым:** классты сүрөттөйт, эмеректерди атайт, терезе, эшик, доска; окуу куралдары, түстөр. 10дон 100гө чейин эсептөө: кошуу жана кемитүү. Сабактагы инструкцияларын түшүнөт, суроо бере алат. | **Менин классым:** классты сүрөттөйт, класстагы объектилерди, окуу предметтерин атайт. Класста жүрүм-турум эрежелерин түзөт жана сактайт (өз ара жардамдашуу, сыйлоо). Ондук сандар менен санайт. | **Менин мектебим:** окуу предметтерин атайт, сабактардын жүгүртмөсүн түзөт, жакшы көргөн сабагын айтат. Класстагы эрежелерин түзөт жана сактайт (жоопкерчилик, жардамдашуу, сыйлоо ж.б.) 1000 чейин санайт. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Турак жай, жашаган жери** | 2 | **Менин бөлмөм:** боюмдарды, эмеректерди атайт, (отургуч, ТВ ж.б.).<br>**Бакчада:** бакчадагы өсүмдүктөрдү атайт (гүл, дарак); түстөрдү билет, көлөмүн билдирет (чоң, кичинекей). | **Менин үйүм:** бөлмөнү сүрөттөйт, бөлмөлөрдүн атын, кээ бир нерселерди билет. түсүн, өлчөмүн, санын сүрөттөйт. Кай жерде турганын айтат. | **Менин үйүм:** эмеректерди, идиш аяктарды атайт**.** Кай жерде турганын айтат.<br>Менин шаарым, айылым: объектилерди атайт, кай жерде жайгашаканын айтат. | **Менин үйүм:** бөлмөлөрдү, эмеректрди атайт, сүрөтөйт. Үйгө кеткен жолду сүрөттөйт. Үй жумуштарын атайт. |
| **Соода, тамак-аш, кийим-кече** | 2 | **Жашылча-жемиштер:** мөмө-жемиштерди, жашылчаларды атайт, жакшы көргөнү жөнүндө айтып берет, сүрөттөйт (түсү, даамы).<br><br>**Кийим-кече:** атайт, сүрөтөйт. | **Тамак-аш азыктары:** мөмө-жемиштерди, жашылчаларды, сүт жана эт азыктарын, тамактардын аталыштарын атайт. Сүйүктүү тамактары жөнүндө айтып берет. Кийим-кече: эс алуу жана спорт үчүн нерселерди атайт. | **Тамактануу:** эртең мененки, түшкү, кечки тамактануу жөнүндө айтып берет.<br>Участвует в диалоге «Дүкөндө» диалогго катышат.<br>**Кийим-кече:** жайкы, кышки киймдерди билет. Аба-ырайыга ылайык кийимди пландаршырат. | **Сатып алуу:** товарлардын түрлөрүн, ар кандай дүкөндөрдү билет. «Дүкөндө», «Кафеде» диалогго катышат. |
| **Спорт жана ден соолук** | 2 | **Дене мүчөлөрү:** дене мүчөлөрүн атайт. | **Спорт:** спорттун түрлөрүн, оюндарды атайт. Спорттун кайсы түрүн жакшы көрөрүн айтат. | **Туура тамактануу жана спорт**: пайдалуу тамак-аштарды, спорттун түрлөрүн атайт. Спорттун кайсы түрүн жакшы көрөрүн айтат. | **Спорт:** Жакшы көргөн спорт жөнүндө айтып берет. |
| **Күнүмдүк жашоо** | 2 | **Кыймылдар:** эмне кыла аларын айтат. | **Менин күнүм:** күндүн убактысын, айларды атайт.<br>Күнүмдүк тартипти түзөт. | **Менин күнүм:** убакытты, саатты аныктайт.<br>Күнүмдүк тартипти түзөт.<br>Үй жумуштарын атайт. | **Күн тартиби:** убакытты, саатты, мүнөттөрдү аныктайт Үй жумуштарын пландайт. Сергек жашоо үчүн күн |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Аптанын күндөрүн атайт. Бош убактысында эмне менен алектенгени жөнүндө айтат. | Кызыгуулары жөнүндө айтып берет. | тартибин пландайт. |
| **Айлана-чөйрө** | 4 | **Үй жана жапайы жаныбарлар:** жаныбарлардын атын атайт, кыскача сүрөттөйт (түсү, чоңдугу).<br>Үй жаныбарын атайт, кыскача сүрөттөйт.<br>Кыймылдарды атайт (ойноо, чуркоо). | **Жыл мезгилдери:** айларды атайт. Кыскача аба ырайын сүрөттөйт.<br>Үй жана жапайы жаныбарлар: аттары, кыскача сүрөттөйт (түсү, чоңдугу).<br>Фигураларды жана түстөрдү атайт. | **Жаратылыш кубулуштары:** аба ырайын, мезгилдерди кыскача сүрөттөйт.<br>Үй жана жапайы жаныбарларды атайт, сүрөттөйт.<br>Табигый объекттерди (көл, дарыя, тоолор, токой) атайт. | **Айлана-чөйрө:** жаратылыш объектилерин атайт, кайда жайгашканын айтат. Аба ырайын, мезгилдерди сүрөттөйт.<br>Үй жана жапайы жаныбарларды билет, сүрөттөйт. |
| **Менин өлкөм** | 2 | **Менин мекеним Кыргызстан:** кайдан экенин айтат, Кыргызстандын борборун, маданий объектилерин (комуз, боз үй) атайт. | **Майрамдар:** дүйнөлүк жана Кыргызстандын айрым майрамдарын билет. | **Дүйнө элдеринин каада-салты:** англис тилдүү өлкөлөрдүн жана Кыргызстандын салттары менен тааныш. | **Менин өлкөм:** борборду сүрөттөйт, кооз жерлерди айтат, жайгашкан жерин атайт. |
| **Чет өлкөлөр** | 2 | **Англис тилдүү өлкөлөр:** өлкөлөрдү, борборлорду атайт.<br>Кайдан келгенин айтат. | **Улуу Британия менен таанышуу:** борбордун атын атайт, кээ бир кооз жерлерин билет. | **Англис тилдүү өлкөлөрүнүн бири менен таанышуу:** борбор шаарын, кооз жерлерин атайт, кыскача баяндайт. | **Улуу Британия:** Улуу Британиянын бөлүктөрүн, географиялык картада жайгашканын, борборлорун, жерлерин билет. Кыскача сүрөттөйт. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Илим жана техника дүйнөсү** | 2 | ____ | ____ | _____ | **Технологиялар:** компьютерде, интернетте эмне кылса болот, эмне кыла албагандыгын айтат. |
| **Адабият жана искусство дүйнөсү** | 2 | **Балдар фольклору:** 3-4 рифмовка, 2-3 ырды жатка билет. | **Балдар фольклору:** 3-4 рифмовка, 2-3 ырды жатка билет. | **Балдар фольклору**: 2-3 ыр, макал-лакап, тил табышмак жатка билет. Кыска аңгемелерди окуйт, майрамдар жөнүндө билет. | **Балдар фольклору:** 2-3 ырды жакта билет, макал-лакап, фразеологизмдер, Балдардын жомокторун окуйт, майрамдар жөнүндө билет. |

**Компетенттүүлүк жана класстар боюнча билим берүүнүн натыйжалары**

**2-таблица.**

| Мазмундук багыттар | Предметтик компетент-Түүлүктөрдүн мазмуну | Күтүлүүчү натыйжалар | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **3-класс** | **4-класс** | **5-класс** | **6-класс** |
| | | **Тилдик компетенттүүлүк** | | | |
| **Тил системасынын элементтери** | **Орфография** | – алфавиттин тамгаларын таанyйт жана жазат;<br>– үйрөнүп жаткан тема боюнча сөздөрдү окуйт жана жазат. | – үйрөнүп жаткан тема боюнча сөздөрдү окуйт жана жазат. | – үйрөнүп жаткан тема боюнча сөздөрдү окуйт жана жазат. | – үйрөнүп жаткан тема боюнча сөздөрдү окуйт жана жазат. |
| | **Фонетика** | – тилдеги бардык тыбыштардын жана үйрөнгөн тамга айкалыштарын туура айтып, угуп ажырата билет;<br>– муундардын санын аныктайт (кол чабуу менен ж.б.);<br>– тыбыштын муундагы жана сөздөгү ордун аныктайт;<br>– тааныш сөздөрдө жана сөз айкаштарында туура басымды байкайт;<br>– баяндоочу жана суроолуу сүйлөмдөрдөгү интонацияны | – үйрөнгөн тамга айкалыштарын айтат жана угуп ажырата билет;<br>– муундардын санын аныктайт (кол чабуу менен ж.б.);<br>– тыбыштын муундагы жана сөздөгү ордун аныктайт;<br>– тааныш сөздөрдө жана сөз айкаштарында туура басымды байкайт;<br>– баяндоочу жана суроолуу сүйлөмдөрдөгү | – үйрөнгөн тамга айкалыштарын айтат жана угуп ажырата билет;<br>– транскрипциялык белгилерди окуйт;<br>– муундардын санын аныктайт (кол чабуу менен ж.б.);<br>– тааныш сөздөрдө жана сөз айкаштарында туура басымды байкайт;<br>– тамга айкалышындагы тыбыштарды аныктайт, окуйт жана жазат;<br>– тыбыштын | – үйрөнгөн тамга айкалыштарын айтат жана угуп ажырата билет;<br>– транскрипциялык белгилерди окуйт, жазат;<br>– муундардын санын аныктайт;<br>– тааныш сөздөрдө жана сөз айкаштарында туура басымды байкайт;<br>– тамга айкалышындагы тыбыштарды аныктайт, окуйт<br>– баяндоочу жана суроолуу сүйлөмдөрдөгү интонацияны сактайт. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | сактайт. | интонацияны сактайт. | транскрипциясын жазат;<br>– баяндоочу жана суроолуу сүйлөмдөрдөгү интонацияны сактайт. | |
| | **Лексика** | – үйрөнгөн темаларга ылайык лексикалык минимумду (100 лексикалык бирдик) таанып билет жана сүйлөөдө колдонот.<br>– | – үйрөнгөн темаларга ылайык лексикалык минимумду (150 лексикалык бирдик) таанып билет жана сүйлөөдө колдонот.<br>– 2 муундан турган сөздөрдө басымды байкайт. | – үйрөнгөн темаларга ылайык лексикалык минимумду (150 лексикалык бирдик) таанып билет жана сүйлөөдө колдонот.<br>– 2, 3 муундан турган сөздөрдө басымды байкайт. | – үйрөнгөн темаларга ылайык лексикалык минимумду (150 лексикалык бирдик) таанып билет жана сүйлөөдө колдонот.<br>– 2, 3 муундан турган сөздөрдө басымды байкайт. |
| | **Грамматика** | – жөнөкөй кыска сүйлөмдөрдү түзөт;<br>– суроолуу сүйлөмдүн түрлөрү (жалпы, өзгөчө);<br>– жактоочу жана терс формадагы буйрук сүйлөмдөр;<br>– модалдык этиш «can»;<br>– саналуучу зат атоочтор;<br>– артикль «a»;<br>– учур чактагы «to be» | – жөнөкөй кыска сүйлөмдөрдү түзөт;<br>– суроолуу сүйлөмдүн түрлөрү (жалпы, өзгөчө);<br>– жактоочу жана терс формадагы буйрук сүйлөмдөрдү;<br>– жактоочу жана терс формадагы буйрук сүйлөмдөр;<br>– артикль «a», «the»; | – жөнөкөй кыска сүйлөмдөрдү түзөт;<br>– суроолуу сүйлөмдүн түрлөрү (жалпы, өзгөчө);<br>– жактоочу жана терс формадагы буйрук сүйлөмдөр;<br>– артикль «a/an», «the»;<br>– саналуучу жана саналуучу эмес зат атоочтор; | – жөнөкөй кыска сүйлөмдөрдү түзөт;<br>– суроолуу сүйлөмдүн түрлөрү (жалпы, өзгөчө);<br>– жактоочу жана терс формадагы буйрук сүйлөмдөр;<br>– Present Simple Tense, Present Continuous Tense;<br>– артикль «a», «the»;<br>– зат атоочтун таандык абалы;<br>– like / love / hate / don’t mind этиштерден кийин |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | этиши, 1, 2, 3 жактагы, жекелик санда.<br>– көптүк сандагы зат атоочтор;<br>– this, that ат атоочтор;<br>– жеке ат атооч I, He, She;<br>– этиш «have»/ «has got»; | – саналуучу зат атоочтор;<br>– зат атоочтун ээлик абалы;<br>– учур чактагы «to be» этиши;<br>– көптүк сандагы зат атоочтор;<br>– ээлик ат атоочтор;<br>– этиш «have» / «has got»;<br>– кыймыл-аракеттин тактоочтору;<br>– Present Simple: Present Continuous;<br>– There is/there are; | – ээлик ат атоочтор;<br>– учур чактагы «to be» этиши;<br>– көптүк сандагы зат атоочтор;<br>– «this/that», «these/those» ат атоочтор;<br>– ээлик ат атоочтор;<br>– этиш «have» / «has got»;<br>– кыймыл-аракеттин тактоочтору;<br>– Present Simple: Present Continuous.<br>– There is/there are; | герундий;<br>–Past Simple Tense; (туура этиштер);<br>–сын атоочтун салыштырма жана үстөмдүк даражалары;<br>–Future Simple Tense (модалдык этиш will);<br>––ing менен аяктаган келээр чакты билдирген этиштер;<br>–модалдык этиштер (can, have to, must);<br>–Phrasal verbs;<br>–саналуучу жана саналгыс зат атоочтор;<br>–There is/there are; |
| | | **Кептик компетенттүүлүк** | | | |
| **Кептик баарлашуу** | **Угуу көндүмдөрү** | – жөнөкөй тапшырмаларды жана мугалимдин көрсөтмөлөрүн түшүнөт;<br>– үйрөнүп жаткан материалдын алкагында жөнөкөй сүйлөмдөрдү жана сөз айкаштарын түшүнөт; | – жөнөкөй тапшырмаларды жана мугалимдин көрсөтмөлөрүн түшүнөт;<br>– үйрөнүп жаткан материалдын алкагында жөнөкөй сүйлөмдөрдү жана сөз айкаштарын түшүнөт; | – жөнөкөй тапшырмаларды жана мугалимдин көрсөтмөлөрүн түшүнөт;<br>– жөнөкөй тексттерди түшүнөт (негизги мазмунду, фактыларды, синоним аркылуу перефраз болгон | – жөнөкөй тапшырмаларды жана мугалимдин көрсөтмөлөрүн түшүнөт;<br>– жөнөкөй тексттерди түшүнөт (негизги мазмунду, фактыларды, синоним аркылуу перефраз болгон маалыматты түшүнөт);<br>– үйрөнүп жаткан |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | – талкууланып жаткан тема же тексттеги негизги ойду түшүнөт;<br>– үйрөнүп жаткан материалдын алкагында 10-20 секунддук сүйлөмдөрдү уга алат жана түшүнө алат. | – талкууланып жаткан тема же тексттеги негизги ойду түшүнөт;<br>– үйрөнүп жаткан материалдын алкагында 20-30 секунддук сүйлөмдөрдү уга алат жана түшүнө алат. | маалыматты түшүнөт;<br>– үйрөнүп жаткан материалдын алкагында 30-40 секунддук сүйлөмдөрдү уга алат жана түшүнө алат. | материалдын алкагында 30-60 секунддук сүйлөмдөрдү уга алат жана түшүнө алат. |
| | **Окуу көндүмдөрү** | – алфавиттеги тамгаларды тааныйт жана аларды тиешелүү тыбыштар менен байланыштырат;<br>– жөнөкөй, тааныш сөздөрдү окуй алат окуганын туура интонация жана ритм менен үн чыгарып айта алат (үн чыгарып окуу);<br>– кыска жана жөнөкөй тексттердин негизги мазмунун түшүнөт;<br>– негизги идеяны жана өзүнчө деталдарды бөлүп көрсөтө алат;<br>– тексттин мазмунун сүрөттөр же сабактын контексти менен байланыштырат;<br>– 50 сөзгө чейин турган | – жөнөкөй, тааныш сөздөрдү окуй алат окуганын туура интонация жана ритм менен үн чыгарып айта алат (үн чыгарып окуу);<br>– кыска жана жөнөкөй тексттердин негизги мазмунун түшүнөт;<br>– негизги идеяны жана өзүнчө деталдарды бөлүп көрсөтө алат;<br>– тексттин мазмунун сүрөттөр же сабактын контексти менен байланыштырат;<br>– 60 сөзгө чейин турган тексттин мазмунун түшүнө алат. | – кыска жана жөнөкөй тексттердин негизги мазмунун түшүнөт, негизги сөздөрдү белгилей алат;<br>– керектүү маалыматты табат (синонимдерди түшүнөт);<br>– классификациялайт, салыштырат, жыйынтык чыгарат;<br>– текстти башка графикалык формага айлантат (кластер, схема, таблица);<br>– 80 сөзгө чейин турган тексттин мазмунун түшүнө алат. | – кыска жана жөнөкөй тексттердин негизги мазмунун түшүнөт, негизги сөздөрдү белгилей алат;<br>– керектүү маалыматты табат (синонимдерди түшүнөт);<br>– классификациялайт, салыштырат, жыйынтык чыгарат;<br>– текстти башка графикалык формага айлантат (кластер, схема, таблица);<br>– 100 сөзгө чейин турган тексттин мазмунун түшүнө алат. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | тексттин мазмунун түшүнө алат. | | | |
| | **Сүйлөө көндүмдөрү** | – үй-бүлө мүчөлөрүн, жашын, кесиптерин айтат, 10 чейин санайт;<br>– окуу куралдарын, үй жана жапайы жаныбарларды атайт, кыскача мүнөздөйт (түсү, чоңдугу);<br>– эмнени жакшы көрөрүн, эмнени сүйбөгөнүн, таандык жөнүндө (меники, досумдуку ж.б.) – 3-5 сүйлөм түзөт;<br>– суроолорго кыска жооп берет, ыраазычылыгын билдирет;<br>– таянычтардын негизинде сөздөр жана сөз айкаштар менен сүйлөм курат;<br>– суроолорду түзөт, жооп берет. | – үй-бүлө мүчөлөрүн, жашын, кесиптерин айтат, 100 чейин санайт;<br>– окуу куралдарын, үй жана жапайы жаныбарларды атайт, кыскача мүнөздөйт (түсү, чөңдугу); тааныш жерлерди атайт;<br>– эмнени жакшы көрөрүн, эмнени сүйбөгөнүн, таандык жөнүндө (меники, досумдуку ж.б.) – 3-5 сүйлөм түзөт;<br>– суроолорго кыска жооп берет, ыраазычылыгын билдирет;<br>– таянычтардын негизинде сөздөр жана сөз айкаштар менен сүйлөм курат;<br>– суроолорду түзөт, жооп берет. | – келбети, мүнөзү жөнүндө айтып берет;<br>– үй-бүлөсү жөнүндө, эмнени жакшы көрөрүн, эмнени сүйбөгөнүн, таандык жөнүндө (меники, досумдуку ж.б.) 8 сүйлөм түзөт;<br>– достору, майрамдар, англис тилдүү өлкөлөрдүн жана Кыргызстандын кооз жерлери жөнүндө сүйлөшө алат (8 сүйлөм);<br>– ден соолук жана жеке гигиена, бош убакыт тууралуу диалогго катыша алат (5 сүйлөм);<br>– англис тилдүү өлкөлөрдүн жана Кыргызстандын кооз жерлери жөнүндө айтып бере алат;<br>– сөздөр жана сөз айкаштар менен сүйлөм курат;<br>– суроолорду түзөт, жооп | – келбети, мүнөзү жөнүндө айтып берет;<br>– үй-бүлөсү жөнүндө, эмнени жакшы көрөрүн, эмнени сүйбөгөнүн, таандык жөнүндө (меники, досумдуку ж.б.) 8 сүйлөм түзөт;<br>– достору, майрамдар, англис тилдүү өлкөлөрдүн жана Кыргызстандын кооз жерлери жөнүндө сүйлөшө алат (8 сүйлөм);<br>– ден соолук жана жеке гигиена, бош убакыт тууралуу диалогго катыша алат (5 сүйлөм);<br>– англис тилдүү өлкөлөрдүн жана Кыргызстандын кооз жерлери жөнүндө айтып бере алат;<br>– сөздөр жана сөз айкаштар менен сүйлөм курат;<br>– суроолорду түзөт, жооп берет. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | берет. | |
| | **Жазуу көндүмдөрү** | – сөздөрдү жана кыска сөз айкаштарын басма тамгалар менен жазат;<br>– таянычтарды колдонуу менен өзү жана башка адамдар, окуялар, кубулуштар жөнүндө жөнөкөй сүйлөмдөрдү жазат (5 сүйлөмгө чейин). | – сөздөрдү жана кыска сөз айкаштарын басма тамгалар менен жазат;<br>– таянычтарды колдонуу менен өзү жана башка адамдар, окуялар, кубулуштар жөнүндө жөнөкөй сүйлөмдөрдү жазат (5-10 сүйлөм). | – өзү жана башка адамдар, окуялар, кубулуштар жөнүндө кыска сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдү жазат;<br>– таянычтардын жардамы менен курчап турган дүйнө, азыркы жана өткөн окуялар жөнүндө кыскача тексттерди жазат (10 сүйлөм). | – өзү жана башка адамдар, окуялар, кубулуштар жөнүндө кыска сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдү жазат;<br>– таянычтардын жардамы менен курчап турган дүйнө, азыркы жана өткөн окуялар жөнүндө кыскача тексттерди жазат (10-15 сүйлөм). |


| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Маданият аралык компетенттүүлүк** | | | |
| **Маданият аралык баарлашуу** | | – саламдашат, сылык формада коштошот, ыраазычылыгын билдирет;<br>– англис тилдүү өлкөлөрдүн улуттук-маданий өзгөчөлүктөрү жөнүндө негизги түшүнүккө ээ;<br>– 3-4 рифмовка, 2-3 ырды жатка билет. | – саламдашат, сылык формада коштошот, ыраазычылыгын билдирет;<br>– англис тилдүү өлкөлөрдүн улуттук-маданий өзгөчөлүктөрү жөнүндө негизги түшүнүккө ээ;<br>– 3-4 рифмовка, 2-3 ырды жатка билет. | – саламдашат, сылык формада коштошот, ыраазычылыгын билдирет, суроо берет;<br>– англис тилдин маданиятын салыштырат;<br>– көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын түшүнөт;<br>– 2-3 ырды, макал-лакапты жатка билет, майрамдарды билет. | – баарлашуу кырдаалында сүйлөө жана жүрүм-турум эрежелерин сактайт;<br>– англис тилдин маданиятын салыштырат;<br>– көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын түшүнөт;<br>– 2-3 ырды, макал-лакапты жатка билет, майрамдарды билет;<br>– 2-3 фразеологизмди жатка билет. |

## III. ПРЕДМЕТТИ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

Чет тилин окутуу коммуникативдик көндүмдөрдү, таанып билүү активдүүлүгүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө, окуучулардын дүйнө таанымын жана өз алдынчалыгын кеңейтүүгө көмөктөшүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүүнү камсыз кылууга тийиш. Ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу, инклюзивдик методдорду колдонуу жана окуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү маанилүү.

Чет тили сабактарындагы натыйжалуу билим берүү чөйрөсү бир нече негизги компоненттерди камтыйт.

**Окутуу чөйрөнүн компонентери** **1-схема**




Эмоционалдык колдоо жана психологиялык жагдай тил үйрөнүү процессинде маанилүү ролду ойнойт. Класстагы достук атмосфера тынчсызданууну азайтат, окуучулардын ишенимин жогорулатат жана алардын окуу процессине катышуусуна өбөлгө түзөт. Позитивдүү окуу чөйрөсүн түзүү үчүн төмөнкүлөр маанилүү:

- ачык баарлашууга шыктандыруу, окуучулардын бири-бири менен таанышуусуна жардам берүү үчүн командалык көнүгүүлөрдү колдонуу;
- урматтоого жана сабакка активдүү катышууга көмөктөшүүчү класстын эрежелерин белгилөө; сабактын максаттарын чогуу коюу;
- окуучулардын аракеттерин жана позитивдүү жүрүм-турумун таануу; үйрөнүү мотивациясын жогорулатуу үчүн дем берүүчү сөздөрдү, стикерлерди, сертификаттарды же башка кичинекей сыйлыктарды колдонуу;
- топтук иштерди, долбоорлорду, талкууларды колдонуу; активдүү угуунун ыкмаларын үйрөнүү, ачык суроолорду берүү;
- эмоционалдык лексиканы үйрөтүү: окуучуларга эмоцияга байланыштуу сөздөрдүн кеңири спектрин берүү; ар кандай эмоцияларды талкуулоо жана түшүнүү үчүн көнүгүүлөрдү колдонуу;
- жынысына, маданиятына жана жөндөмдүүлүгүнө карабастан бардык окуучулар

үчүн коопсуз жана колдоочу мейкиндикти түзүү; окуучуларды ар түрдүүлүктү урматтоого жана баалоого үйрөтүү.

Мындай мамиле окуучулардын окуу процессине активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт, алардын тилди кабыл алуу жана аны иш жүзүндө колдонуу жөндөмүн жакшыртат.

Текст менен иштөөдө мугалим PDP сабак структурасын колдоно алат (Pre-reading/Окууганга чейин, During reading/Окуу учурунда, Post reading/Окугандан кийин). Ар бир этапта мугалим окуучуларга визуалдык жана оозеки колдоо көрсөтөт. Сабакта иштөөдө окуучулар текстти 3 жолу окуй алышат.

**PDP сабактын структурасы (Pre-reading, During reading, Post-reading)** **2-схема**

| | |
|---|---|
| Pre-reading – Окууганга чейин | • окуучулардын билимин актуалдаштырат;<br>• сүрөттөр, суроолор, БББА таблицасы колдонулат. |
| During reading – Окуу учурунда | • текстти түшүнүү текшерилет;<br>• суроолор, схемалар, көнүгүүлөр колдонулат. |
| Post-reading – Окугандан кийин | • грамматика жана лексика практикаланат;<br>• тыянак чыгарып, өз алдынча текст түзүшөт. |

Сабактын максаттары предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

## IV. БААЛОО

Окуучулардын жеке билим жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн класста баалоонун үч түрү колдонулат: диагностикалык, калыптандыруучу (формативдик) жана суммативдик. Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык, 3-класста чет тили сабагында белги коюлбаган баалоо колдонулат. Жазуу жүзүндө же оозеки түрдө сапаттуу сүрөттөөчү баалоого гана жол берилет. Башталгыч мектепте төмөнкү принциптерге негизделген калыптандыруучу баалоо ишке ашырылат:

1. **Баалоо ийкемдүү болушу керек.** Мугалим натыйжаларды көрүү үчүн ар кандай формаларды жана тапшырмаларды колдонот: Бул сүрөт тартуу, графикалык иш, роль ойноо, оозеки же жазуу жүзүндөгү жооп ж.б. болушу мүмкүн.
2. **Баалоо шыктандыруучу болушу керек.** Мугалим окуучулар жана ата-энелер менен окуу прогрессин талкуулайт:
   - окуу ишиндеги ийгиликтерди көрсөтүү,
   - эң типтүү каталардын көрсөтмөлөрү,

– окууга кызыгууну стимулдаштыруу,

– коюлган баа менен окуучунун макулдугун камсыз кылуу.

3. **Баалоо жылуу маанайда болушу керек,** т.а. окуучулардын каталары эмес, жетишкендиктери бааланат. Баалоо критерийлери оң берилет (*3 тапшырма аткарылды, 5 сөз жазды*), терс формулировкалар алынып салынат (*жасай албайт, 5 ката кетирилген ж.б.*).

4. **Өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо.**

**10 лексикалык бирдиктен турган лексикалык жат жазууну баалоо критерийлери.**

**4-таблица.**

| Туура жазылган сөздөр | Баалар |
|---|---|
| 8-10 сөз | Эң жакшы |
| 6-7 сөз | Жакшы |
| 4-5 сөз | Канааттандырарлык |
| 3 же андан аз сөз | Канааттандырарлык эмес |

**Угуу жана окууга баа берүүнүн болжолдуу критерийлери.**

**5-таблица.**

| Критерийлер | Эң жакшы | Жакшы | Канааттанды-рарлык | Канааттанды-рарлык эмес |
|---|---|---|---|---|
| Мазмунду түшүнүү | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, деталдарды табат (анын ичинде өзгөрмөлүү сөздөр), жыйынтык чыгарат. | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, жарым-жартылай деталдарды табат, синонимдерди тандайт жана жыйынтык чыгарат. | Маалыматты жарым-жартылай түшүнөт. Өзгөрмөлүү сөздөрдү билбейт. Жыйынтык чыгаруу кыйын. | Негизги ойду жана деталдарды түшүнбөйт. |
| Мүнөздөмөлөр-дү салыштыруу, маалыматты классификация-лоо | 3 же андан көп мүнөздөмөлөрдү салыштырат, маалыматты классификация--лайт.<br>Текстти графикалык формага (схема, таблица) жана тескерисинче графикалык форманы текст кылып түзө алат. | Салыштыруу жана классификациялоо учурунда 2 мүнөздөмөнү бөлүп көрсөтөт.<br>Схемаларды тандайт, схемаларды таянычтардын жардамы менен текстке которот. | Салыштыруу жана классификациялоо учурунда 1 мүнөздөмөнү бөлүп көрсөтөт.<br>Схемадагы мүнөздөмөлөрдү жарым-жартылай чагылдырат. | Мүнөздөмө берүүдө кыйналат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Маалыматтарды колдонуу | Тексти негиз кылат, жооп түзүү үчүн 4 же андан көп өзгөчөлүктү тандайт, маалыматтын негизинде өзүнүн текстин жаратат. | Тексттен 2-3 негизги мүнөздөмөнү тандайт жана алардын негизинде өз жообун түзөт. | Тексттен керектүү маалыматты тандап, жооп түзүүдө кыйынчылык тартат. | Алган маалыматты иштеп чыгып, колдонууда кыйынчылык тартат. |

**Жазуу жана оозеки жоопту (текстти) баалоонун болжолдуу критерийлери**

**6- таблица.**

| **Критерийлер** | **Эң жакшы** | **Жакшы** | **Канааттанды-рарлык** | **Канааттанды-рарлык эмес** |
|---|---|---|---|---|
| **Жооптун мазмуну** | Ой так жана түшүнүктүү, бардык негизги эрежелер сакталат (оозеки кептеги басым, грамматика). Сүйлөмдөрү толук, логикалык жактан курулган. | Ой түшүнүктүү, негизги эрежелер сакталат (грамматика). Сүйлөмдөр жарым-жартылай бүткөн, балким, түзүлүшүндө майда так эместиктер бар. | Ой түшүнүксүз, сүйлөм толук эмес, эрежелерди сактоодо кыйынчылыктар бар. | Жообу толук эмес, сүйлөмдөрү аягына чыкпайт |
| **Лексика** | Лексика темага толугу менен шайкеш келет, тема боюнча 4-5 же андан көп сөздөр колдонулат. Бардык жаңы сөздөр туура айтылган (оозеки жооп менен), сүйлөмдөр туура түзүлгөн | Лексика негизинен темага туура келет, тема боюнча 2-3 сөз колдонулат. Жаңы сөздөрдүн көпчүлүгү туура айтылат (оозеки жооп менен), сүйлөмдөрдүн көпчүлүгү туура түзүлгөн | Лексика жарым-жартылай темага туура келет, тема боюнча 2-3 сөздөн аз колдонулат. Жаңы сөздөрдүн көпчүлүгү туура эмес айтылат (оозеки жооп бергенде), сүйлөм түзүүдө каталар бар. | Тема боюнча лексиканы колдонбойт. Сөздөр туура эмес айтылат. |
| **Тексттин түзүмү** | Текст логикалык жактан байланышкан, бардык ойлор толук. Сүйлөмдөрү орундуу. | Текст түзүлгөн, бирок ой жарым-жартылай бүткөн, сүйлөмдөрдүн байланышы бир | Текст жарым-жартылай түзүлгөн, ой толук эмес, сүйлөмдөрдүн ортосунда | Текст түзө албайт |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | аз түшүнүксүз болушу мүмкүн. | байланыш начар же жок. | |
| **Интонация**<br><br>(оозеки жооптор үчүн) | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет (суроолуу, илеп, жай). Басым негизги сөздөргө туура коюлган. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет, бирок кээ бир сөздөргө басым коюу так эмес болушу мүмкүн. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келбейт, маанилүү сөздөргө басым жасалбайт. | Интонация сакталбайт |
| **Пунктуация** (жазуу жооптор үчүн) | Бардык үйрөнүлгөн тыныш белгилери туура колдонулат. Үтүр, чекит, илеп жана суроо белгилери керектүү жерлерде колдонулат | Негизинен үйрөнүлгөн тыныш белгилери туура колдонулат. Үтүрдү колдонууда анча-мынча каталар бар. | Үйрөнүлгөн тыныш белгилери каталар менен колдонулат, көбүнчө үтүр, чекит, суроо жана илеп белгилери калтырылып же туура эмес коюлган | Пунктуациялык белгилер коюлбаган |